DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Идаева А.Б., Баитова Ф.Т.*

# КАНЫКЕЙ – «ТАТЫКТУУ АЯЛЗАТЫНЫН» ИДЕАЛЫ

*Идаева А.Б., Баитова Ф.Т.*

# КАНЫКЕЙ – ИДЕАЛ «ДОСТОЙНОЙ ЖЕНЩИНЫ»

*A. Idaeva, F. Baitova*

# KANYKEY - THE IDEAL OF A «WORTHY WOMAN»

*УДК: 379.8*

*Эпосто аялзатынын мекенчилдик касиети нечендеген согуштарда жан жолдошуна дем берип, аны эрдиктерге шыктандыргандыгы жана келечек муундарды бабалардын баатырдык салтында тарбиялоого кошкон салымы менен бааланат. Ошондуктан элдик макалдарда таасын туюнтулгандай эр жигиттин коомдогу орду, мартабасы, бедел-кадыры бакталайы алган жарына жараша болот. «Манас» эпосунда «Манасты Манас кылган Каныкей» деген сөздү баатырдын достору да, кастары да айтышат. Дегеле, «аял баркы», анын коомдогу орду, идеалдуу нарк-насили жөнүндөгү элдик түшүнүктөр «Манас» эпосунда ар тараптуу чагылдырылган. Сунушталган макалада Каныкейдин «татыктуу жар» катары инсандык идеалын ар тараптуу талдоодо издеп таап, анализдөө, контент анализ, герменевтикалык чечмелөө ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн булагы катары «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбаков жана Саякбай Каралаев тарабынан айтылган жана бириктирилген варианттарынан ыр саптары алынды. Изилдөөнүн натыйжалары мектептерде кыз балдарды тарбиялоонун таасирдүү каражаттарын ишке киргизүүгө негиз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас» эпосу, идеал инсан, татыктуу жар, салт-санаалар, улууга урмат, сый мамиле, камкордук, көрөгөчтүк.*

*Патриотизм женщины в эпосе ценится ее поощрением своего супруга в многочисленных войнах, воодушевлением его на отвагу и ее вкладом в воспитание будущих поколений в соответствии с героической традицией предков. Следовательно, как отмечается в народных пословицах, положение, статус и авторитет мужчины в обществе зависят от его жены. В эпосе «Манас» и друзья, и враги Манаса неустанно твердят: «Каныкей – та самая женщина, благодаря которой Манас стал Манасом». В целом народные представления о «женском достоинстве», ее роль в обществе, ее ценности всесторонне отражены в эпосе «Манас». Для комплексного анализа Каныкей, идеала «достойной женщины» в эпосе «Манас», использовались методы поиска, анализа, структурного семиотического контент-анализа, герменевтического толкования. В качестве источника исследования использовались варианты эпоса «Манас» Сагымбая Орозбакова и Саякбая Каралаева, как раздельно, так и в комбинированном формате. Результаты исследования могут также послужить основой для внедрения эффективных средств воспитания девочек в школах.*

***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», идеальный человек, достойная супруга, традиции, уважение к старшим, почтение, забота, предусмотрительность.*

*Patriotism of a woman in the epic is valued by her encouragement to her soulmate in numerous wars, inspiring him to bravery and her contribution to educating future generations in accordance with heroic tradition of their ancestors. Therefore, as expressed in folk proverbs, a man's position, status, and prestige in society depend on his wife. In the epic "Manas" both friends and enemies of Manas keep saying: "Kanykei is the woman, due to whom Manas became Manas". In general, folk concepts about "woman's dignity", her role and significance in society, and her values are comprehensively reflected in the epic "Manas". For the comprehensive analysis of Kanykey, the ideal of a "worthy woman" in the epic "Manas", methods like scanning, content analysis, hermeneutic interpretation were used. The variants of the epic "Manas" by Sagymbay Orozbakov and Sayakbay Karalaev, both separate and combined, were used as a source of research. The results of the research can serve as the basis for implementing effective means of educating girls in schools.*

***Key words:*** *the epic "Manas", ideal person, a worthy woman, traditions, respect, care and vision towards elders.*

Каныкейдин Манаска жасаган камкор мамилеси, тапкычытыгы, эптүүлүгү көптөгөн эпизоддордо чагылдырылат. Мисалга алсак, Көзкаман менен Көкчөкөздүн чыныгы тууганчылык сезими менен келбегенин сезген Каныкей Манасты соо койбостугун сезет:

«Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көзү жанып, от болуп,
Ичи өрттөнүп чок болуп.
Токтой албай желигип,
Жеңеңдин ичи өрттөнүп, ээлигип,
Алкан мөңкүп, көз тартып,
Азаптуу белги көрүптүр.
Каңгайдан келген шумурай,
Кабыланыма бир азап,
Салатко деп жүрүптүр» [6, 277-б.].

Демек, акылман киши билимине, ой жүгүртүүсүнө, тапкычытыгына таяныч боло элек иштин агымын алдын ала айта алат. Эпосто Каныкейдин болжоосу туура чыкканына карабастан, Манасты эскертип жетишпей калат. Бирок Манасты Көзкаман менен Көкчөкөз ууландырганда Каныкей өзү да алар менен салгылашып жарадар болуп, Манасты тоону көздөй алып качат. «Ак жоолук башын туу кылып, аял башын эр кылып» арстан Манасты чыккынчылардын амалынан куткарып алган Каныкей, эсинен кеткен баатыр Манасты адам турмак, кузгун жолун таба албай турган үңкүргө алып барып жашырат:

«Жеңекең минтип жөлөгөн
Арыстанынын денесин
Алтымыш күнү болгуча
Казыга күн-түн бөлөгөн»;
Эптүүлүктү билгизген,
Кыйналып кырк бир күн багып,
Айкөлдү атка мингизген» [6, 280-б.]. Уу ичип,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



бир буту көрдө жаткан баатырды дарылап, бутуна тургузуу үчүн, албетте, Каныкейден тийиштүү медициналык билим талап кылынган десек жаңылышпайбыз, тагыраак айтканда, зарыл чөптөрдөн өз колу менен дары жасап, күндөп-түндөп Манастын жанында сабырдуулук жана зиректик менен карап отурган Каныкейдин аркасынан Манас бир өлүмдөн кутулуп отурат. Ошондуктан, «Манас» эпосундагы аялзатынын акылын жана билимин талдоодо ушул сыяктуу өрнөктүү сапаттарды көз жаздымында калтыруу жаңылыштык болоор. Каныкейдин акылы, мындан сырткары, анын турмушка тыңдыгы менен да аныкталат. Манас Бээжинге аттанаарда Каныкей баатырлар жаракат алган чакта жарагына тиер деген ой менен алдын ала камдап жүргөн дары-дармектеринен баштап, кийим-кече, курал-жарак жана окторду кырк чорого берет:

«Сексен» төрт чанач дары бар,
Жүдөгөн жерде, кырк баатыр,
Жүздөн огуң дагы бар.
Оттук, бычак, белбоосу,
Милтеге чейин баары бар.
Кармашканга каргаша,
Калса камыр жармаша,
Эт жүрөккө салаарга
Эки миздүү тинте бар,
Эр башына соктурган
Элүү кулач милте бар» [8, 98-б.].

Албетте, бул анын камкордугу жана тыңдыгынан, жөн билги, келечекти баамдай билген билерман аял экенинен кабар берет. Мындан сырткары, Каныкей Манастын баштаган ишине батасын берип, жалаң колдоо көрсөтөт. Ошол эле Чоң казаттын алдында:

«Жарашкан жалпы жолдошуң,
Сапарга чыксаң жол болсун.
Жараткан эгем колдосун,
Кылган ишиң күч болсун,
Самаган душман түз болсун.
Сапарга барган сай кашкаң
Аз болгондо санаты
Сайган аты жүз болсун.
Салынганы киш болсун,
Заман акыр журтуна
Айтылгандай иш болсун» [8, 86-б.] - деп Манастын ойлогонунун оңунан чыгышына тилектеш экенин билдирип, кырк чорого ийгилик жана амандык каалап жөнөтөт. Кыргызда «Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук» деп айтылса, башка элдерде, мисалы, каракалпактарда «Жакшы аял – асыл кенч», «Жакшы аял үйдүн көркү», түркмөндөрдө «Аялы жок жакшылык болбойт, уулу жок дөөлөт болбойт», «Аялың болбосо, туугандарың да болбойт» деп айтылат. Мына ошондуктан, «Хандын кандай болушу хандан эмес – ханышадан» демекчи. Эпосто Манастын сапарлашы, акылдашы, максатташы Каныкей бүтүндөй калктын тагдырына коркунуч туудуруп турган эчендеген согуштарда жолдошуна дем берип, ага жөлөк болуп, эрдикке шыктандырган, кийинки муундарга бабалардын салты менен тарбия берип, өрнөк болот. Элибизде «Алганың жакшы болсо, жакаң агарат, жаман болсо чачың агарат» - деп айтылган сыңары, аялдын коомдогу орду, өрнөктүү нарк-насили, баркы эпосто таасын чагылдырылып, Каныкей жөнүндө Манастын досторунун да, кастарынын да «Манасты Манас кылган – Каныкей» деп айтуусу менен тастыкталат. Чындыгында эле Каныкейдин образы аркылуу адамдын үй-бүлөдөгү, эл ичиндеги орду жана жүрүм-туруму жөнүндөгү элдик аял идеалы айкын чагылдырылган. Улууга урмат-сый мамиле өзгөчө аялзатынан көбүрөөк талап кылынат, себеби аялзаты эң биринчиден бир үй-бүлөнүн келини болуп, анын баскан турганына, өзгөчө улуу кишилерге жасаган мамилесине көп көңүл бөлүнөт. Ушуга байланыштуу ар бир аялдын билүүсү керек болгон кыргыз элинде тийиштүү салттар бар. Алсак, келинге коюлган талаптардын ичинен жүгүнүү жана ат тергөө адебин белгилөө керек. Жүгүнүү – «орун-очок алуу, отурган жеринен ак этек табуунун өбөлгөсү. Төркүн-төсүнүн мандайын жаруу. Келген үйүнүн, барган жеринин көңүлүн агартуу» болуп эсетелет [5, 37-б.]. Ал эми ат тергөө – ата-бабабыздан берки адепти, ыйманды тутуунун бир түрү. Мында да улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо наркы, салты сакталган. Мына ушул сыяктуу салт-санаалардын бек сакталышы кыз-келиндердин адептик тарбиясынын белгиси болуп эсептелет. Эпосто, мисалы, Каныкей өзүнөн улуу, калк даанышманы, барктуу киши Бакайды көргөндө, анын жүзүнө тик карай албай жүгүнүп салам берет:

«Кулдук кылып бүгүлүп,
Бакайды эми көргөндө,
Бетин басып Каныкей,
Ызат кылды жүгүнүп.
Келиним, кеги жок киши болот - деп,
Абакең Бакай сүйүнүп,
Кашына кыздын туралбай,
Кайрыла берди абасы» [6, 263-б.]. Демек, жүгүнүү өзүнөн улуу кишинин алдында ага таазим кылуу, ага көрсөткөн кичи пейил мамиле жана аны ардактоо катары көрсөтүлгөн ызаат гана болуп кала бербестен, мындан мамиле көрсөтүлгөн кишинин да жооптуу «ыраазычылык» мамилесин жаратат. Каныкейдин ушундай нарктуу жүрүм-турумунан дагы бир өрнөк бере турган болсок, төмөндөгү эпизодду мисал катары берүү мүмкүн. Кошой дөөгө Көкөтөйдүн ашында эч бир шым туура келбей калганда, Каныкейдин камдап жүргөн шымын беришет. Ошондо Кошой Каныкейге батасын берейин деп чакыртканда ал абасынын алдына ийилип саламдашып келет:

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



«Кундактай бели ийилип,
Тизеси жерге тийилип
Каныкей басып барганы» [7, 213-214-бб.]. Кыскача айтканда аял кишинин улууларга сый мамиле жасоосу салтка жараша катуу коюлган талап катары кабылдануу менен бирге жаштардын ички адебинин да күзгүсү катары кызмат кылган. Манас баатыр көз жумганда Чыйырды менен Букарага качып жөнөп, ал жерден башпаанек таап күн өткөргөн Каныкей Чыйырдыны өзүнүн сыйынуучу жападан жалгыз Меккеси экенин айтып жашаганы анын улууларга жасаган мамилесинен үлгү алуу керек экенинин дагы бир далили болуп калат.

«Мээнеткечке таң эрте атат», «Маңдай тер, таман акы менен жеген нан таттуу» деген элдик асыл нарк дөөлөттөрдө айтылгандай, ата-бабалардын акыл-насаат, осуяттарында эмгекти сүйүүгө үйрөтүү чоң орунду ээлейт. Ал эми жалкоолукту, жатып ичерликти эл катуу сынга алып айыптаганын «Жалкоонун жаны таттуу», «Эмгеги аздын өнмөгү аз», «Эмгекчи данын жейт, жанын жейт» деген макалдардан байкоо мүмкүн. Себеби элдин ишениминде эмгектен качуу адамдын моралдык жактан өспөй калышына, рухий баалуулуктарынын жоголушуна алып келет жана жалкоолук кылмыш кылганга барабар болгон. Мына ушундан улам, аял кишиге да коюлган талаптардын бири – анын мээнеткеч табияты. «Манас» эпосунда аялзатынын мээнеткечтиги анын турмуштук шартта жасаган ишинен сырткары, бош убактысын текке кетирбей кол өнөрчүлүк менен алектенүүсүн да камтыйт. Башка элдик эпостор менен «Манас» эпосундагы аялзатынын образдарын салыштырып изилдеген Н.Х. Бекмухамедова: «Осетиндердин мифологиялык-баатырдык эпосунда Сатана аттуу каарман аял анын «жүз уулу» үйдө жок кезинде миң колдун жүнүн сабап, чийлеп, ийрип, алынган кебезди жууп кургатып, өлчөмүн албай туруп нарттардын баарына кийим тигип берет. Мындан сырткары, ачкачылык болгондо Сатана камдап койгон азыктарын берешендик менен элге таратып берет» – деп белгилейт [4, 68-б.]. Ал эми мындай эпизоддордун «Манас» эпосунан да орун алышы арбын кездешет. Мисалы, Чоң казаттын алдында Каныкей алдын ала Бээжиндин ысык жер экенин эске алып, баатырлардын ар бирине кышында кийчү кырк тумак, жайдын аптабында кийчү кырк калпак, ок өтпөгөн тон, көйнөк, найза тийсе жыртылбаган, тешилбеген шымдарды, кырк өтүк ж.б. керек-жарактарды камдап коёт:

«Сайса найза тешкисиз,
Чанса кылыч кескисиз.
Баары алтындан чоктолуу,
Баалары калпактын
Каймал төөгө токтолуу,
Кырк чорого кырк калпак,
Ысыктуу күндө кийип бак,
Ышынбай жоого тийип бак.
Жан киерге калпактын,
Жалпы баарын камдадым.
Даяр кылып алгамын,
Чоң куржундун түбүнө
Чогуусу менен салгамын» [8, 90-91-бб.]. Каныкейдин камкордук менен даярдануусунан сырткары жасаган жумушунун сапаты да деталдуу түрдө сүрөттөлөт. Тигилген кийим-кечектери климаттык же согуштук шарттарга туура келбей баатырларга ыңгайсыздыктарды жаратса, эпсиз аял атыккандан айбыккан Каныкей жасаган ишине кылдаттык жана чоң жоопкерчилик менен мамиле жасайт. Атайын териден сапаттуу кийим тигүү үчүн аны алгач кургатып, «күндүн жүзүн чалдырбай, ак сандыкка каттырып» атайын боёкчуларга берип боётуп, тогуз ай бою бычып, кыркып, тегиз тигип, андан сырткары ок өтпөстүгүн текшерүү үчүн ок атып сынап көргөндөн соң гана баатырларга бардык кийимдерди тартуулоосу анын иш билгилигинен кабар берүү менен бирге, ошондой эле Каныкейдин эмгекке болгон сүйүүсүнүн деңгээлин да чагылдырып турат. Мына ушундайча, эмгек дегенде, элибиз кара жанын карч уруп, жан үрөп иштей берүүнү гана элестеткен эмес. Анын маданиятына ээ кылууну да көздөшкөн. Мындан сырткары, Каныкейдин көптөн камдап жүргөн жана өзүнүн бардык чеберчилигин, ишмердигин, билермандыгын жумшап жасаган «белектери» бир гана анын мээнеткечтиги жана уздугунан кабар бербестен, анын бүткүл элдин камы үчүн кайгы жеп, анын мекендин, журттун келечегине салым кошууга жасалган аракеттерин да билдирет.

Аялзатынын жасаган эмгегинин өзү башкаларга үлгү болуп, ушул өзгөчөлүгү менен жалпы элге ысымынын белгилүү болушу анын коомдогу ордун идеалдаштырат. Бул көз караштын бүгүнкү күнгө чейин сакталып келгендиги тууралуу А.Алимбеков: «...аялзаттын уздугуна, чеберчилигине, мээнеткечтигине карап баалоо байыркы замандардан бери келе жаткан салттуу көрүнүш. Бул чен-өлчөм эл ичинде азыр да күчүндө» – деп белгилейт [1, 66-б.]. Алсак, Жакып уулуна келин издеп Букарга келгенде Каныкейди көрүп, анын эң алгач келин катары эмес, коомго, элге өтөй турган кызматы жөнүндө өзүнчө ой жүгүртөт:

«Гүл төгүлөт колунан,
Бактысы журтка чачылар.
Темир тирек, жез тырмак,
Иштүүлүктүн сыны бар.
Кыз да болсо арбагы,
Кылымга чапчып угулар.
Кызыл кырма, ак жайсаң,
Ушундан уул туулар.
Ырыстуу киши жанашса,
Алганы анык жарашса,
Бактысы күндө ачылар,
Кылып өткөн кызматы

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Кылымга чейин жазылар» [6, 256-б.]. Болочок келининин кылган кызматы «кылымга чейин угулаарын» үмүт кылган Жакып анын идеал аял болооруна көзү жетип:

«Ак көрпө жайыл ургаачы,
Аты элге дайын, сындачы.
Жабуулу катар кара инген,
Жакшысы элге билинген.
Жупуну тартып кийинген,
Бир боюнда алты сын,
Кемчилик жок билинген» [6, 256-б.] - дейт. Жакыптын мүнөздөмөсүндө колдонулган «Ак көрпө жайыл ургаачы» жана «Жабуулу катар кара инген» деген сапаттар төмөндөгүчө түшүндүрүлөт: «Кыргыз элинде «Ак көрпө жайыл ургаачы» түшүнүгү акылга дыйкан, мээримдүү, адамгерчиликтүү, жүрүм-туруму менен өзгөлөргө өрнөк боло алган аялды сыпаттоо иретинде колдонулат. Ал эми «Жабуулу кара инген» үй турмушунда бардык түйшүктү мойнуна алган, уздугу, чеберчилиги менен айырмаланган, ушак-айыңга кошулбаган, ашыкча кеп сөзү жок, көтөрүмдүү, көпчүлүктүн ишине активдүү катышкан аял» [2, 57-б.]. Демек, жогоруда Г.Н. Волковдун орус элиндеги идеал аялзатынын эл ичиндеги мүнөздөмөлөрүн белгилегендей эле, кыргыз элинде да ушул сыяктуу түшүнүктөрдүн эзелтеден жашап келгенинин далилдүү мисалына ээ болдук десек жаңылышпайбыз. Аялдын эң негизги сапаты – «үйдүн куту» катары урматталып келгенине байланыштуу, босогону атаган кишиге сый-сыпайы мамиле жасап, меймандостук жана зиректик менен тосуп алуусу керек. Аялдардын коомдук адебинин дагы бир ажырагыс элементи – меймандостук. Мейман тосуу кыргыздарда эң ыйык салттардын бири катары эсептелинет. Кыргыз өз коногун сыйлоону үй-бүлөнүн намысы деп билет. «Мейман – бул кудайдын сүйгөн адамы» - дейт кыргыз макалы. Ал эми «Куттуу билимде» конок күтүү адеби жөнүндө терең маанидеги насааттар айтылат:

«Алыс-жакын, дос-тууган баарын чакыр,
Бөлбөгүн жакшы-жаман элди такыр.
Келген келсин, келбесин каалабаган,
Баарына айттың – таарыныч болбойт саган.
Аксакалдар тойдубу тамак-ашка,
Кичүүлөрдү тамакка сыйлап башта.
Көз салгын, тамак-ашың толук жетсин,
Тойгузгун баарын тегиз, ач кетпесин.
Тоюштубу тамакка, конокко бер,
Кургаган, жаңы жемиш, таттуу шекер.
Колдон келсе, матадан тарат белек,
Баарына бирдей кылып бөлүү керек» [3, 350-351].

Ушул сыяктуу конок күтүүдөгү эреже-талаптарды Каныкейдин мисалында түшүндүрүү мүмкүн. Мисалы, Манас Бээжинге бараткanda Каныкей чоролор жана аскерлердин кайтып келер күнүн сурап:

«Кажыбай жоого тиерге
Жогу болсо табайын,
Жолдошуң сайын бир-бирден
Сарпайы кийит жабайын.
Коноор болсоң, аныңды айт,
Түштөнөөр болсоң, жайыңды айт.
Капилетке калбайын,
Конок ашын камдайын» [8, 89-б.] - дейт. Себеби жоодон келген аскерлердин алдан тайып келерин билген Каныкей алардын келишине тийиштүү даярдыктарды көрүп жетишүүсү керек экенин жакшы баамдап билет. Калкынын бейпил жашоосу үчүн күрөшкөн баатырлар жоого кете элек туруп, аларды сыйлуу конок катары тосуп алуунун санаасын тарткан Каныкей:

«Четинен кармап союуга,
Ачыгып келсе аскериң
Дасторконго коюуга
Согумун камдап алайын,
Келген замат астына
Дасторконум салайын, -
Кайтар маалың кайсы маал?
Кабарын аяш, айтып сал!» [8, 108-б.] - дейт. Ушундайча Жакыптын болжоосу туура чыгып, Каныкей чын дили менен коомго кызмат кылган кыз-келиндерден болду. Анын эл үчүн жасаган эмгегинин эбегейсиз зор таасири мекен сүйүүсүнө да тийбей койбойт. Каныкейдин баатыр аял катары жасаган эрдиктери эпосто жалпы аялзатынын патриоттук сезимдерге мотивдештирүү максатында берилет. «Баатыр аялдын тиби, тигил же бул улуттардын эпосторун изилдеген окумуштуулардын (Гребнев Л.В., Пухов И.В., Мамиева Н.) пикири боюнча, энелик сезимдердин турмуштагы жаңырыгы деп эсептелет» [4, 33-б.]. Эпосто Каныкей турмушка чыкканга чейин баатыр кыз катары берилет. Баатыр кыз жөн гана баатырдык жөндөмдөргө ээ болуу менен чектелбестен, жакын адамдарын коргоого, өз элин куткарууга аракет кылат. Мисалы, бухар элинин байлыгына кызыккан Алмамбет шаарга кирип барганда аны менен күрөшүүгө даяр турган Каныкей:

«Эшикке келди эпсиз жан,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Амалым жетсе ошого –
Кагыш кылып көрөйүн» [9, 748-б.] - деп баатырдык турпатын көрсөтөт. Ырасында, идеал аял жалгыз гана турмуш-тиричилик иштери менен гана чектелүү калбайт, анын өз мекенинин абалы, келечеги жана өнүгүүсүнө салым кошуусу күтүлөт.

Каныкейдин баатырдыгын ага берилген «Кабылан катын Каныкей», «Жолборс жеңең Каныкей», «Көкжал энең», «Бууданың жеңең Каныкей» сыяктуу сыпаттоолор далилдеп турат. Анын эрдиги жана баатырдыгын чагылдырган эпизоддордон мисал берсек, мисалы, Каныкейден сокку жеп, артка карай качып бараткан Чубак Манасты жолуктуруп, Каныкейге төмөндөгүдөй мүнөздөмө берет:

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



«Оо, баатыр, кыздан чыккан шер көрдүм,
Буюрбасын, кабылан,
Мен, кылымга татыр эр көрдүм.
Он эки кыздын кенжеси,
Темиркандын эркеси,
Ойрон болсун Каныкей,
Кудайдын сүйгөн пендеси.
Кара сурдун сулуусу,
Аялзаттын нурдуусу,
Чиркин-ай, артык тууган бала экен.
Арыстаным, төрөм, өзүңө
Ылайыктуу жан экен!
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу» [6, 251-б.]. Алмамбет таамай белгилегендей, Каныкейди башкалардан айырмалап турган өзгөчөлүгү бир гана анын сулуулугу эмес, ошондой эле анын күчү, элинин коргоочусу катары турушундагы айбаты, баатырдык кайраты көзгө дароо урунган сапаты катары көрүнөт. Мына ошондуктан, Алмамбет мындай мыкты «асыл затынын», эпостун тили менен айтканда «ургаачынын мыктуусун» текке кетирбестен, Манаска ылайыктуу жар болоорун айтат. Каныкейдин эркек кишилерден калышпай жоого тайманбастык менен кирип барган учурларынан Көзкаман менен Көкчөкөздүн Манасты ууландырганындагы эпизоддон көрөбүз:

«Бул Каныкей бейбакка
Ок зардеби көп тийип,
Башы челек кан болуп.
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Кадимкидей нан болуп,
Чымындай куу жан чыркырап.
Жоо-жарактын баарысы
Айбалта тийип быркырап,
Кабылан Манас айынан
Катын башы кагышып,
Курган жеңең Каныкей
Калмактар менен салышып» [6, 278-б.]. Салгылашта алган жаракаттардан улам жанынын ооруганын байкабай баатырларча сайышкан Каныкейдин эң обол Манасты, аны менен бирге кыргыз элин куткаруу жоопкерчилиги, мекен аддындагы милдети деп билген патриоттук сезими ага күч бергенин айтуу керек.

Идеалдуу аялзатынын өрнөгүн Манастын көзү менен караганда, бул образдын толук мүнөздөмөсү берилет деп эсептейбиз. Манас аялдан жана өзүнүн болочок өмүр шеригинен талап кылынган сапаттарды төмөндөгүчө билдирет:

«Кары-жашка эп болсо,
Мен биле турган кеп болсо,
Оймоктуудан узду алам,
Оюмда жүргөн кызды алам.
Керемети кеңди алам,
Акыл-эси ошонун
Мени менен теңди алам.
Алты жылдык зыянды
Биле турган кызды алам,
Акыл кошуп жаныма
Жүрө турган кызды азам» [6, 253-б.]. Демек, баатырдын оюндагы идеал аял улууларга жасаган мамилесине («Кары жашка эп болсо»), акыл-эсине, көрөгөчтүгүнө («алты жылдык зыянды биле турган»), уздугуна («оймоктуудан узду алам») жана жолдошунун жөлөгү катары жанында жүрүүсүнө («акыл кошуп жаныма жүрө турган») байланыштуу, буга кошумча, Манастын сөзүндө кыз балага жарашпаган терс сапаттар да айтылат. Баатырдын максаты – келин тандоодо жалкоолук, бекерчилик, байлыкка манчыркоо, акылсыздык, жалган, алдоо, ыпыластык, ажаандык сыяктуу жаман адаттарга ээ кыздан оолак болуу:

«Жан жолдошко жаман сөз
Айтпай турган кызды алам.
Жаман жерге жамбаштап
Жатпай турган кызды алам.
Бейбаштардын үйүнө
Кирбей турган кызды алам.
Бейжайлык менен кесирди
Билбей турган кызды алам» [6, 253-б.].

Жыйынтыктап жатып, Каныкейдин өрнөктүү сапаттарынын ««Манастын» таалим программасынан» алган орду баа жеткис мурас экенин белгилөө зарыл.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст]: окуу куралы / А. Алимбеков. - Бишкек: КББИ, 1996. - 80 б.
2. Баитова Ф.Т. Эпос жана мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо [Текст]: Окуу-усулдук колдонмо / Ф.Т. Баитова. - Бишкек, 2022. - 84 б.
3. Баласагын Ж. Куттуу билим. Дастан [Текст ] / Ж.Баласагын. Байыркы тилинен которгон Т. Козубеков. - Бишкек, 2011. - 488 б.
4. Бекмухаммедова Н.Х. Эволюция женских образов эпоса «Манас» [Текст ] / Н.Х Бекмухаммедова. – Б.: «Эркин-Тоо», 1997. – 110 б.
5. Каада салттар. Ак баталар (“Эл адабияты”) [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы ред. астында; Кырг.Улут. И.А. ж.б. - Б.: «Шам», 2003. - 400 б.
6. «Манас»: кыскартылып бириктирилген вариант. – Фрунзе, 1958. - 1-бөлүк, 1-китеп. - 343 б.
7. «Манас»: С.Орозбаковдун вариантында. III-к. - Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 348 б.
8. «Манас»: С.Орозбаковдун вариантында. IV-к. - Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 386 б.
9. «Манас»: С.Каралаевдин варианты б-ча / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев. - Б.: «Турар», 2010. - 1008 б.